| | |
|---|---|
| "АБанк" ААКысынын Шариат кеңешинин 2026-жылдын "24" апрель № 10/5 токтому менен КОЛДООГО АЛЫНГАН | "АБанк" ААКысынын Бизнести өнүктүрүү комитетинин 2026-жылдын "15" май № 30/2 токтому менен БЕКИТИЛГЕН |

# "АБАНК" ААКсы ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ АДАМДАРГА ИСЛАМ ПРИНЦИБИНДЕ КАРЖЫЛОО БОЮНЧА БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ СУНУШТОО КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮГӨ АЧЫК ОФЕРТА (СУНУШ)

**Мазмуну**


**1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР....2**
**2. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИ....3**
**2.1. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНИН ТАРАПТАРЫ....3**
**3. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНИН ПРЕДМЕТИ....4**
**4. БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР КЕЛИШИМИНДЕ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР (АТООЛОР) ЖАНА АНЫКТАМАЛАР....5**
**5. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ....12**
**6. БАНКТЫК КАРД ЭСЕБИН АЧУУ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮ....20**
**6.1. КАРД эсебин ачуу....20**
**6.2. Эсепти жабуу....23**
**6.3. Банктык эсеп боюнча операциялар....23**
**7. БАНКТЫК ЖАЙЛАРДА КАССАЛЫК ТЕЙЛӨӨ....26**
**8. КАРДАРДЫН ЭСЕБИ БОЮНЧА КОНВЕРТАЦИЯЛОО КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР (НАК ЭМЕС АЛМАШУУ ОПЕРАЦИЯЛАРЫ)....27**
**9. МӨӨНӨТТҮҮ "МУДАРАБА" АМАНАТТАРЫНА (ДЕПОЗИТТЕРГЕ) АКЧА КАРАЖАТТАРЫН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА САКТОО, АЛАР БОЮНЧА СЫЙ АКЫ ТӨЛӨП БЕРҮҮ ТАРТИБИ....**
**9.1. Мөөнөттүү "Мудараба" аманатын (депозитти) кабыл алуу....27**
**9.2. Келишим алкагында ачылган мөөнөттүү "Мудараба" аманаты (депозити) боюнча сый акы....29**
**9.3. Өзгөчө шарттар....**
**9.4. Мөөнөттүү "Мудараба" аманатын (депозитин) мөөнөтүнөн мурда токтотуу/жабуу 30**
**9.5. "Мудараба" мөөнөттүү аманат (депозит) мөөнөтүнүн бүтүшү....31**
**10. ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ....31**
**11. БАНТЫК КАРТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ....38**
**11.1. Жалпы шарттар....38**
**11.2. Картты берүү жана сактоо тартиби....39**
**11.3. ПИН-кодду берүү жана сактоо тартиби....39**
**11.4. Карт-эсеп ачуу, төлөм картын берүү жана сактоо тартиби....40**
**11.5. Төлөм картын колдонуу....40**
**11.6. Төлөм картын колдонуу менен интернет аркылуу төлөө....41**
**11.7. Төлөм картына бөгөт коюу....42**
**11.8. Төлөм картынын кармалып калышы....43**
**11.9. Төлөм картын колдонуу мөөнөтү, төлөм картын колдонууну токтотуу, төлөм картын алмаштыруу....43**
**11.10. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү....44**
**11.11. Кине коюу тартиби....44**
**12. АРАЛЫКТАН БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ/МОБИЛДИК ТИРКЕМЕ....45**
**12.1. Аралыктан банктык тейлөө системасын колдонуу шарттары жана тартиби....45**
**12.2. Аралыктан банктык тейлөөнү сунуштоо шарттары....47**
**12.3. Коопсуздук шарттары....52**

эместик жок экендигине кепилдик берилет жана аны тастыктайт. Кардар бул учурда баланын наамына ачылган эсеп боюнча келип чыккан бардык талаш маселелерди өз алдынча жөнгө салууга, орун алган чыгымдарды, кызыкдар болгон тараптын чыгымдарын өз эсебинен толук кайтарып берүүгө милдеттенет.

9.1.10. Банктын бөлүмдөрү аркылуу аманатты (депозитти) ачуу Кардар тарабынан талаптагыдай толтурулган жана кол коюлган өтүнүч кат-анкетанын, акча каражатынын тиешелүү суммасынын салынышынын негизинде, ошондой эле Кардар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул келишимде, Банктын ички ченемдик актыларында, төлөм системаларынын эрежелеринде каралган документтердин толук топтому сунуштаган учурда ишке ашырылат.

9.1.11. “Мудараба” аманатын (депозитин) аралыктан тейлөө системасы аркылуу ачуу ушул келишмдин жана Кардардын аманатты, электрондук кол тамганы жана/же Банк тарабынан белгиленген аутентификациялоо/идентификациялоо каражаттары/ыкмалары аркылуу жөнөтүлгөн электрондук тапшырмасынын/билдирүүнүн/аракеттин жана/же аралыктан банктык тейлөө/мобилдик тиркеме аркылуу Кардар өз алдынча тандап алган негизинде ишке ашырылат.

9.1.12. Кардар аралыктан тейлөө системасында/мобилдик тиркемеде “Мудараба” аманаты (депозити) үчүн тиешелүү эсепти ачууга электрондук тапшырмасында (электрондук формадагы маалыматта) мөөнөттүү аманат (депозит) параметрлерин, анын ичинде аманаттын түрүн, суммасын, валютасын, мөөнөтүн, сый акы өлчөмдөрүн жана мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачуу үчүн каражат чегерилүүгө тийиш болгон Кардардын Банктагы эсеби тууралуу маалыматтарды жана башка параметрлерди (болсо) көрсөтүүгө тийиш.

**9.2.Келишим алкагында ачылган “Мудараба” мөөнөттүү аманат (депозит) боюнча сый акы**

9.2.1. Тараптар ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон пайда өлчөмү Банктын ислам каржылоо принциптеринин негизинде ишке ашырылган операцияларынан (Аманатчылардан тартылган акча каражаттарынан) алынган кирешелер топтому болуп саналган таза пайдадан эсептелинет. Андан ошол операцияларды жүргүзүүгө байланыштуу кеткен тикелей чыгашалар эсептелинип алынып салынат жана пайда теңештирүү камына (калыбына келтирилүүчү – РВП) чегерүүлөрдөн кийин эсептелинет. РВП Аманатчы менен Банк ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон, андан ары чектелбеген “Мудараба” келишимине ылайык тартылган акча каражаттарынын кирешелүүлүгүн (кирешелерди гарантиялоосуз) теңдештирүү үчүн пайдаланылган таза пайдадан чегерилүүчү акча каражаты суммасынын жыйындысы.

9.2.2. Аманатчы ушул келишимге кол коюу менен Аманатчы менен Банк ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш болгон таза пайда суммасынан РВПнын түзүлүшүнө макулдугун билдирет жана РВПны ушул келишим шарттарына ылайык ушул сыяктуу продукттарга катышкан Аманатчылардын таламында тескөөгө алышына Банкка укук чегерет.

9.2.3. Эгерде ПДС суммасын инвестициялоо жыйынтыгында пайда алынбастан, тескерисинче чыгым келип чыккан болсо, Аманатчы тартылган акча каражаты суммасынын чегинде чыгымга кириптер болот, ал эми Банк мындай учурда пайда албай калат. Чыгымдарды бөлүштүрүүнүн (кошо тартууну) бул эрежеси, эгерде чыгым Банктын күнөөсү боюнча келип чыккан шартта, колдонулат.

9.2.4. Эгерде ПДС суммасын инвестициялоонун жүрүшүндө келип чыккан чыгым Банктын туура эмес иш-аракетинин/аракеттенбей коюушу кесепетинен келип чыккан болсо жана ал соттук актынын негизинде документ жүзүндө такстыкталган шартта орун алган чыгым Банктын каражатынын эсебинен жабылууга тийиш. Аманатчы бул учурда ушул келишим боюнча буга чейин ага сунушталган ПДС суммасын алууга

укуктуу.

9.2.5. Кардар РВП Банк тарабынан кирешелүүлүктү (кирешелерди гарантиялоосуз) теңдештирүү, анын ичинде ушул сыяктуу продукттарга катышкан Аманатчылардын таламында пайдаланылышы мүмкүн экендигине макул болот жана РВП каражаттарын, анын ичинде ушул келишим токтотулгандан (жокко чыгарылгандан) кийин талап кылуу боюнча жеке укуктарга ээ эмес экендигин жана ал аяктагандан кийин РВПнын кайсыл бир бөлүгүн алууну талап кыла албайт.

**9.3. Өзгөчө шарттар**

9.3.1. Аманат боюнча операциялар амианат валютасында ишке ашырылат.

9.3.2. ПДС суммасына пайданы эсептеп чыгууда жыл ичинде 360 (үч жүз алтымыш) күн, ар бир толук ай ичинде 30 (отуз) календардык күн кароого алынат.

9.3.3. Аманатчы тарабынан салынган ПДС суммасы пайдадагы үлүштү эсептөөдө эске алынат жана эсептөөлөр “Мудараба” депозиттик эсебине тиешелүү каражат суммасы келип түшкөндөн кийинки күндөн тартып башталат жана келишим мөөнөтү бүткөн күнгө чейинки күнү жыйынтыкталат.

9.3.4. Банк ар ай сайын Аманатчы салган ПДС суммасын жайгаштыруу эсебинен алынган пайда үлүшүн эсептеп, аны чегерет. Бул учурда ПДС суммасына чегирлегн пайданы төлөө ай сайын, отчеттук айдан кийинки айдын 7нен тартып жүргүзүлөт. Аманатчы талап кылбаган пайда суммасы Банкка буга чейин жайгаштырылган сумма өлчөмүнө кошулбайт (көбөйтпөйт).

9.3.5. Акча каражаты суммасына чегерилген пайда өлчөмүнүн салык алуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы салык мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

9.3.6. Аманатчыга, эгерде болгон болсо, пайда үлүшүн жыйынтыктап эсептеп берүү жана аны чегерүү аманат мөөнөтү бүткөн күнү (операциялык күндүн акырында) ишке ашырылат, аманаттын негизги суммасы жана пайда үлүшү Аманатчынын талап боюнча төлөнүүчү “Кард” аманат (депозит) эсебине чегерилет жана кийинки жумуш күнү төлөнүп берилүүгө (кайтарылууга) тийиш. Андан ары аманат суммасы талап боюнча төлөнүүчү “Кард” аманат (депозит) келишиминин шарттарына ылайык тескөөгө алынат.

9.3.7. Эгерде ПДС суммасын колдонуу мөөнөтү бүткөн күн жумуш эмес күнгө туш келип калса, ПДС суммасын төлөө андан кийинки алгачкы жумуш күнү жүргүзүлөт.

**9.4. “Мудараба” мөөнөттүү аманатын (депозитин) мөөнөтүнөн мурда токтотуу (жабуу)**

9.4.1. Кардардын демилгеси боюнча “Мудараба” мөөнөттүү аманаты (депозити) мөөнөтүнөн мурда токтотулган жана/же жабылган шартта, аманаттын кирешелелүүгүн кайрадан эсептеп чыгуу төмөнкү шарттарда ишке ашырылат:

- Келишимге кол коюлгандан кийин 3 (үч) ай өткөндөн соң сом түрүндө салынган аманат келишими мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта, пайда үлүшүн эсептөө келишим токтотулган күнгө карата 3 айлык мөөнөткө түзүлгөн “Чектелбеген Мудараба” келишимдери үчүн колдонулган пайданын негизги ченин колдонуу менен келишим түзүлгөн күндөн ал токтотулган күнгө жүргүзүлөт.
- “Чектелбеген Мудараба” келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотуу учурунда доллар менен салынган аманаттар боюнча пайда үлүшү Аманатчыга төлөнүп берилбейт.
- 3 (үч) айга чейин (аны кошо алганда) мөөнөткө сом менен салынган “Чектелбеген Мудараба” келишими мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартта да пайда үлүшү аманатчыга төлөнүп берилбейт.
- Келишимди токтотуу учуруна карата төлөнүп берилген (Банкка кайтарылуучу) жана келишим мөөнөтүнөн мурда токтотулган шартка ылайык кайрадан эсептелинген (Аманатчыга төлөнүүчү) суммалар ортосундагы айырма РВПга багытталат.

9.4.2. Банк, Кыргыз Республикасынын сот же башка мамлекеттик органдарынын Кыргыз

